**№10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин соц педагогу Хасанова Мукарамдын 2021-2022-окуу жылындагы аткарган иштеринин**

**жылдык отчёту.**

Өзүңөргө белгилүү быйылкы окуу жылынын башталышы сентябрь айынын 15-числосунан башталып, окуучулар 2021-2022- окуу жылынын окуу программасынын негизинде окуй башташты. Соц педагогдун ишмердигинин алгачкы объектиси болуп кыйын кырдаалга кабылган балдар менен иштөө, түрдүү социалдык катмардагы балдардын кызыкчылыктарын, жашоо мейкиндигине байкоо жүргүзуп укугун коргоо болуп саналат. Жаңы келген окуучулардын ыңгайланышуусуна ар тараптуу колдоо көрсөтүү, албетте класс жетекчи менен биргеликте жүргүзүлөт. Ошол максатта чейрек сайын окуучулардын социалдык абалдары изилденип, өзгөрүүлөр класстардын социалдык passпортунун негизинде такталат. Турмуш шарттары оор, көйгөйлүү окуучулардын тизмеси такталды. Мектепте окуган жана атайын үйүндө окутулган майып балдардын тизмеси аныкталды. Бул окуучулар жөнүндө квартал сайын Балдар укугун коргоо бөлүмүнүн адистерине маалымат берилип турулду. Ошондой эле класс жетекчилер тарабынан окуучулардын коопсуздугу боюнча “Ата-энелер менен келишим” баракчасы түзүлдү.

Жалпысынан мектепте окуган окуучулардын арасынан төмөнкүдөй аярлуу катмардагы окуучулар аныкталды.

1. Ата-энесинин камкордугунан толук ажырагандар __________жок.
2. Ата-энесинин камкордугунан жарым- жартылай ажырагандар______ 33.
3. Социалдык жактан камкордуктан ажырагандар____57.
4. Өгөй ата өгөй эненин колунда тарбияланган окуучулар_____4
5. Майып балдар_____6
6. Инклюзив окуучулар_____2
7. Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жоктор____1
8. Ата-энеси экөө тен миграцияда жүргөн окуучулардын саны_____87
9. Ички миграцияда жүргөндөрдүн балдары ____3
10. Мектеп ичинде учётто тургандар____6
11. ИДН учётто тургандар____жок

Бул катмардагы окуучулардын ичинен айрыкча биз майып балдарга өзгөчө маани беребиз.

Инклюзив окуучулардын үйлөрүнө окуу процессинин жүрүшү, окуучулардын абалы боюнча обход жасалып турулду.

Ошондой эле 1-октябрь карыялар күнүнө карата Ардагер мугалимдерге чакан музыкалык композиция уюштурулду жана айрым Ардагер мугалимдердин

үйлөрүнө окуучулар барышып колдон келишинче үй жумуштарына жардам беришти. Ал эми мугалимдер күнүнө карата парламент мүчөлөрү тарабынан мугалимдерге концерттик номер даярдалып, гүлдөр менен тартуулашты

1-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелген балдар күнүнө карата мугалимдер тарабынан 3700 сом топтолду, айрым мугалимдер 1000 сомго чейин беришти. 3500 сомдук кийим кече топтолду. Бул чогулгандар негизинен инклюзив балдарга акчалай жана белек түрүндө берилди. Ошону менен катар ата-энелер тарабынан аз камсыз болгон үй –бүлөлөргө продукта таркатылды. Мисалы: Мамадалиева Рахила 12 үй –бүлөгө 5 кгдан жана мектептин ашканасына күрүч берди.

Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында жалпы ата-энелер арасында I-II-чейрек ичинде 2 жолу ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, докладдар окулуп жана талкууга алынды. 2021-жылдын 3-декабрындагы №27 7/4174 катынын негизинде жашы жетелек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында "16 күндүк зомбулуксуз жашоо" акциясынын негизинде иш чаралар түзүлүп тарбиялык сааттар өткөрүлдү. ИДН кызматкерлери тарабынан кеп кенештер берилди. Окуучулар арасында ар түрдүү кылмыштуулуктун алдын алуу максатында "Абийиринди жашыңдан сактаганың, адашып жаман жолго баспаганың" аттуу жумалыктын иш планынын негизинде иш чаралар түзүлүп, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша 1-11-класстардын арасында тарбиялык сааттар уюштурулду.,

1. 9-11-класстар арасында "Кылмыш жана жаза" темасында дебат өткөрүлүп, кызуу талкуу жүргүзүлдү.
2. 8-11-класстардын окуучулары тарабынан "Мектеп рекетине жол жок " аттуу дубал газеталар конкурсу уюштурулду.
3. Башталгыч класстар арасында "Мен бактылуу окуучумун" деген темада сүрөт сынагы өткөрүлдү.
4. "Укук бузуу жана жоопкерчилик аттуу темада 9-10-11-класстардын окуучулары менен ИДН кызматкерлеринен Таалайбек уулу Тилектин катышуусунда жолугушуу өткөрүлдү жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Ошону менен катар 8-9-10-11-класстардын арасында кылмыштуулукка каршы балдар кеңешмеси жана кыздар кенешмелеринин жыйналыштары өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Окуучуларды сергек жашоого үндөө максатында жогорку класстын окуучулары менен "Кана эмесе жигиттер", "Кана эмесе кыздар" аттуу шоу конкурстар уюштурулду. Даталуу күндөргө карата жумалыктар өткөрүлдү. Мисалы: 12-апрель- космонавттар күнү, "Биз ядролук согушка каршыбыз аттуу Чернобль окуясына карата иш чаралар өткөрүлдү. Бүтүрүүчү класстардын арасында кесип тандоо боюнча "Ар кандай кесип ардактуу" деген темада диспут өткөрүлдү. Ардактуу кесип ээлери менен биргеликте жолугушуулар уюштурулду.

1-июнь Балдарды коргоо күнүнө карата майып балдарга шириндиктер берилип, Исраилов Ыйманбек райондук масштабда уюштурулган майрамга катышып келди. Албетте коомдун өзгөрүүсүнө байланыштуу окуучулардын күлк мүнөзү, жүрүм-туруму да өзгөрүп баратат бул болсо биз педагогдор үчүн окуучулар менен жүргүзүлүүчү карым катнашта кыйынчылык жаратат. Ошентсе да биз мугалимдер мындай кыйынчылыктарды женип келгенбиз, дагы да жигердүүлүк менен иштей бермекчибиз. Сиздерге ушундай ардактуу ишиниздерде чыгармачылык жана сабырдуулук каалап кетем.